**БЕКИТИЛДИ**
**Көк-Мойнок айыл кеңешинин**
**кезексиз сессиясы № _//_ токтом**
**"_//_" __________ 2022-ж.**
**Мамытбаев К. ____________**

**КАБЫЛ АЛЫНДЫ**
**__ ___ 2022-жыл жалпы элдик жыйын**

**Ак-Өлөң айыл аймагында үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эске алуу ырым-жырымдарын өткөрүүнүн тартиби жөнүндө Жобо**

1.Жалпы жоболор;
2.Жобону иштеп чыгуунун, кабыл алуунун (бекитүүнүн) жана күчүнө киргизүүнүн тартиби;
3.Үй-бүлөлүк салтанаттарды өткөрүүнүн тартиби;
4. Маркумду эске алуу ырым-жырымдарын өткөрүүнүн тартиби;
5.Үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эске алуу ырым-жырымдарын өткөрүүнү иретке келтирүүчү, көзөмөлдөөчү комиссиялар жана кызмат адамдары;
5.1 Жергиликтүү комиссия;
5.2 Райондук комиссия;
6. Жобонун талаптарын бузгандык үчүн жоопкерчилик.

**1.Жалпы жоболор**

1.1.Бул жобо "Кыргыз Республикасында үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эске алуу ырым-жырымдарын ирээтке келтирүү чаралары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 24-февралындагы ПЖ№54-Жарлыгына ылайык, айыл аймагындагы калктын өзгөчөлүгүн жана салтын эске алып иштелип чыгылган, калктын өзгөчөлүгүн жана салтын эске алып иштелип чыгылган, жергиликтүү жамааттын жыйынында кабыл алынган эрежелерди камтыйт.

1.2.Жобонун максаты айыл аймагындагы калктуу конуштарда үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эске алуу ырым-жырымдарын өткөрүүнү ирээтке келтирүү, аларды өткөрүүдө убаракерчиликке, ысырапкерчиликке, маркум ээсин мажбурлоо, өзүн көрсөтүүгө умтулууга, башка адамдардын социалдык абалын тоготпоого жол бербөө, ата салтына терс жөрөлгөлөрдүн күндөлүк турмушта жайылышына бөгөт коюу, элибиздин нукура салт-санаасын жана ырым жырымдарын кеңири жайылтуу болуп эсептелет.

**2. Жобону иштеп чыгуунун, кабыл алуунун (бекитүүнүн) жана күчүнө киргизүүнүн тартиби**

2.1.Айыл аймагында үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эске алуу ырым-жырымдарын өткөрүүнүн тартиби жөнүндө жобону (мындан ары-жобо) иштеп чыгуу үчүн айыл өкмөтүнүн башчысынын буйругу менен курамы айыл өкмөтүнүн кызматкерлеринен, жергиликтүү кеңештин депутаттарынан, ардагерлердин, аялдар жана жаштар уюмдарынын, аксакалдар сотунун, диний уюмдардын, өкмөттүк эмес уюмдардын, жергиликтүү коомчулуктун өкүлдөрүнөн турган жумушчу тобу түзүлөт.

2.2.Ушул Типтүү жобонун негизинде жумушчу тобу тарабынан иштелип чыккан жобонун долбоору айылдык жыйындарда талкууланат, жалпыга тааныштыруу үчүн такталарга илинет, массалык маалымат каражаттарына (интернет булактарына) жарыяланат. Иштелип чыккан жобо айыл кеңештин сессиясында бекитилет.